# Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2016-жылдын июль айы)*

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан казына векселдерин жайгаштыруу боюнча төрт аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу иши өткөрүлгөн. Аукциондордо мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары - МКВ) жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 13,6 пайызга төмөндөө менен 570,0 млн сомду түзгөн.

Суроо-талап көлөмү ай ичинде 5,2 пайызга төмөндөө менен 2,1 млрд сомду түзгөн. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлардын сатуу көлөмү 28,6 пайызга, 450,0 млн сомго чейин, 3 айлык векселдердин - 66,7 пайызга, 100,0 млн сомго чейин көбөйгөн болсо, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон векселдердин – тескерисинче 50,0 пайызга, 150,0 млн сомго чейин төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 7,8 пайыз өлчөмүндө (-2,3 п.п.) калыптанган. Мында, 3 айлык векселдердин кирешелүүлүгү 2,7 пайызды (-0,5 п.п), 6 айлык - 6,4 пайызды (-2,8 п.п) жана 12 айлык – 10,1 пайызды (-2,2 п.п.) түзгөн.

**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан ай ичинде бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү 128,8 млн сом өлчөмүндө (-42,1 пайызда) калыптанган. Ошол эле мезгилде Финансы министрлиги тарабынан 523,4 млн сом (+20,3 пайыз) суммасында мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү 4,8 млрд сомго чейин (+44,4 пайызга) көбөйгөн: МКВлардын негизги ээлик кылуучуларынын-коммерциялык банктардын үлүшү 6,8 пайыздык пунктка, 61,3 пайызга чейин көбөйгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 38,2 пайызды (-7,0 п.п.), юридикалык жактар-резиденттердин - 0,5 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Июль' 2015 | 13,1 | - | 12,0 | 13,2 |
| Август | 12,9 | - | 12,0 | 13,1 |
| Сентябрь | 12,9 | - | 12,2 | 13,2 |
| Октябрь | 12,8 | - | 12,4 | 13,6 |
| Ноябрь | 13,4 | 11,5 | 12,7 | 13,6 |
| Декабрь | 13,5 | - | 13,2 | 13,7 |
| Январь'2016 | 14,7 | - | 14,0 | 15,2 |
| Февраль | 15,9 | 5,0 | - | 16,3 |
| Март | 14,2 | 5,7 | 12,5 | 15,1 |
| Апрель | 10,7 | 4,3 | 10,7 | 13,7 |
| Май | 12,3 | - | 10,4 | 13,6 |
| Июнь | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |
| Июль | 7,8 | 2,7 | 6,4 | 10,1 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.08.2015 | 3 580 210,0 | 1 871 881,5 | 52,3% | 1 681 413,5 | 47,0% | 0,0 | 0,0% | 26 915,0 | 0,8% |
| 01.09.2015 | 3 925 210,0 | 2 087 081,8 | 53,2% | 1 804 663,2 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 33 465,0 | 0,9% |
| 01.10.2015 | 3 893 960,0 | 2 032 681,8 | 52,2% | 1 827 363,2 | 46,9% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.11.2015 | 3 789 040,0 | 1 956 331,8 | 51,6% | 1 798 793,2 | 47,5% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.12.2015 | 3 514 990,0 | 1 899 330,4 | 54,0% | 1 582 794,6 | 45,0% | 0,0 | 0,0% | 32 865,0 | 0,9% |
| 01.01.2016 | 3 353 030,0 | 1 825 700,7 | 54,4% | 1 513 964,3 | 45,2% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.02.2016 | 3 188 300,0 | 1 692 770,7 | 53,1% | 1 482 164,3 | 46,5% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.03.2016 | 3 142 570,0 | 1 685 144,1 | 53,6% | 1 444 910,9 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.04.2016 | 3 504 320,0 | 2 087 444,1 | 59,6% | 1 404 360,9 | 40,1% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.05.2016 | 3 912 250,0 | 2 417 635,4 | 61,8% | 1 479 554,6 | 37,8% | 0,0 | 0,0% | 15 060,0 | 0,4% |
| 01.06.2016 | 4 546 050,0 | 2 691 604,4 | 59,2% | 1 839 585,6 | 40,5% | 0,0 | 0,0% | 14 860,0 | 0,3% |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |
| 01.08.2016 | 4 841 910,0 | 2 966 745,4 | 61,3% | 1 849 194,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 25 970,0 | 0,5% |